
ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ

# СЕЗИМ ТАМЧЫСЫ

ЖАШТАР ҮНҮ ЖАШТАР ҮНҮ



ЖАШТАР ҮНҮ ЖАШТАР ҮНҮ

**С(Кирг)2 Индекс ББК 84 Ки 7**
**Д 64**

ЖАШТАР ҮЧҮН

**Дөлөев Өмүрбек**

Д 64 Сезим тамчысы: Ырлар. Жаштар үчүн.— Ф.: Мектеп, 1979.—36 бет.

Өмүрбек Дөлөевдин ырлары мезгилдүү басма беттеринде жана жаш калемдердин «Учкун» сыяктуу альманахында жарыяланган. «Сезим тамчысы» — автордун биринчи китеби.

**С(Кирг)2**
**ББК 84 Ки7**

Д $\frac{70700-020}{М\ 452\ (17)-79}$ 221. 79. 4702280200.

© «Мектеп» басмасы, 1979-ж.

## КЕЛГИЛЕ, ТУУГАН ЖЕРИМЕ

Келгиле! Тоолор—саба, суулар—кымыз,
Уялап аскаларын көктө жылдыз.
Ат менен Айдан туруп салам берет,
Кыргызым, күндөрү гүл биздин турмуш.

Суулардай жайыттарга малы агылып,
Шаттыктын дайрасына талаа тунуп.
Башынан ак ниет эл мейман күтөт,
Тоолордун арасына калаа куруп.

Кийиктер удургушуп сап-сабынан,
Эрлердин мүнөзүндөй аскарынан.
Тосушат суулар ырдап жетине албай,
Айлымдын кокту-колот, ак чабынан.

Жүрөктөрдөн мөңгүдөй сөздөр эрип,
Тилегин, бүт каалоосун көздөр берип.
Ак пейилдин деңизи чалкып турат,
Дасторконго жылдыздар коктон келип.

Айланам жеримдин тоо-таштарынан,
Ап-аппак үмүттөрдөй ак карынан.

Барчындар каалгыган бейкуттукта,
Акактай мөлтүрөгөн асманынан!

Келгиле! Тоолор — саба, суулар — кымыз,
Уялап аскаларын көктө жылдыз.
Ат менен Айдан күлүп салам берет,
Баатыр эл, күнү эмгек биздин турмуш!

## ТУРМУШ АКЫНЫ

От күйгүзүп чоктой демине,
Кагазга эмес, кара темирге
Жазып жатат ырын турмуштун,
Ширетүүчү турган жеринде.

Ысык сезим төгүп жалындан,
Ырдын сабы андан агылган.
Өмүр менен темир ортосу,
Ыр ойногон жашыл чагылган.

Балкытат ал берип илебин,
Адам эмес, темир «жүрөгүн».
Ширетүүчү — турмуш акыны,
Ырларына толкуп жүрөмүн.

## КУРБУЛАР

Алыссыңар, жакынсыңар жадырап,
Кабарлашпыз бул турмушка шаң улап,

Алдыбызга максат коюп келебиз,
Ар бир күндү жашоо үчүн жаңылап.

Таңдын нурун сапар кылып бүтпөгөн,
Эмгектенип жаштык кайрат күч менен.
Өскөн жерди көрктөсөк деп жүрөбүз,
Талбай басып тоо-таш, токой, түз менен.

Түркүн тагдыр, ар кыл мүнөз курбулар,
Турмуш—деңиз, туйлап чабак урдуңар.
Кыйындыкта жүргөн кезде унутпай,
Колдоп дайым, колуңарды сундуңар.

## ҮЙ ЖАСАПТЫР

Бүркүттөрдүн чалгынындай ууктар,
Кең жайылган канатындай керege.
Бүркүт жүнү жабууга окшойт — суук, кар,
Жолой албас чилдеде да дегеле.

Бир карасам: боз үй өңдүү кээ бир тоо,
Окшоштуктар ойлорумда чабыттап.
Нур ат минген элим чыйрак дени соо,
Бүркүт, боз үй, тоолор окшош — табышмак.

Миң жыгачты жууруп акыл демине,
Келиштирип бийик тоолуу жерине.
Кыргыз атам кыйла өнөрүн зарп кылып,
Үй жасаптыр урпагына берүүгө!

## ЖАЗ АЙЛАРЫ

Тулпар туйлап турган өңдүү байлануу,
Кар астына суу толуп тээ кайдагы.
Арыктарда кыян жүрөт ашыгып,
Жамыраган козу — улактай жайдагы.

Нурлар тоодо — кескен жиптей кыркылып,
Тоолор күнгө — жаш сулуудай кулпунуп.
Жаз койнуна кирип алып айра тээп,
Жер эненин ак көйнөгү жыртылып.

Кырларда гүл, көңүлдө нур чатырап,
Кысылгандай ак кар боюн жашырат.
Шаңга бөлөп дүйнөнү көз жаруулар,
Жаңылыктар күн нурундай чачырап...

## БИЗДИН ӨМҮР ЖАЗДАН БАШТАЛАТ

Максат — жылдыз, күтөт келгин деп,
Океандай жашоо мелмилдеп.
Тоодой толкун бакыт ташкындайт,
Тосуп алгын, мына келдим деп.

Бүчүр жарып, гүлдөй шаттанат,
Эмгеги — даңк, күндөр салтанат.
Билбей кайгы, нурдай жаркырап,
Биздин өмүр жаздан башталат.

## ЖҮРӨК

Муштумдай жүрөк, көлөмү ырас кичине,
А бирок анын ай-аалам батат ичине.
Жашооодо бүткүл дүйнөсү тиричиликтин,
Баш ийип гана жүгүнөт сезим күчүнө.

Океан анда четине көз нур жете алгыс,
Дайралар бар туйлаган азоо кече алгыс.
Көпүрө бар кылдан да ичке үлбүрөк,
Кыялдан башка түз басып андан өтө алгыс.

Жашоо бар анда жаркырап кооз гүлдөгөн,
Турмуш бар анда тирүүлүк шаңын түрдөгөн.
Өмүрдүн өчпөс бийиигин дайым билдирип,
Максат бар анда чокуну карай жүр деген.

Чексиз кең — сырдуу ажайып анын асманы,
Дабышы шаңдуу, жаңыртып турат асканы.
Өмүрдүн түмөн кадамы окшоп ар убак,
Жатсаң да аны билдирет тынчсыз каккканы.

## ӨСКӨН ЖЕР, САГА АРНАЛЫП

Алыста жүрсөм баары эсте:
Дегенсип «мага капа этпе».
Агарып аткан таң болуп,
Ак калпак тоолор каректе.

Көзүмө коoздук чегелеп,
Көркөмүң укмуш керемет.
Өскөн жер, шыкты жараттың,
Өмүрдө эч ким бере элек.

Уямсың учкан шаңданып,
Улуу тоо көркүн жар салып.
Өтөмүн жашап чеп болуп,
Өскөн жер сага арналып!

## ЫЙЫК ТУТКАН СЕЗИМИМ

Өскөн жерим, булагыңдай шылдырайм,
Тоолоруңдай көздөрүмө сыр катып.
Элесиңден өзүң өңдүү ыр курайм,
Жүргүм келип сууларыңдай ырдашып.

Өскөн жерим, гүлдөрүңдөй кулпурам,
Бүркүтүңдөй бийигиңден бир карап.
Так өзүңдөй жылдыздарга умтулам,
Калуу үчүн кызматыңа бир жарап.

Өскөн жерим, жүрөгүмдөн жаралган,
Сенсиң менин ыйык көргөн сезимим.
Каным болуп бүт денеме таралган,
Кагылайын, кымбатымсың — бешигим!

## ЖАШТЫГЫМА

Барам сага күн чыккан жактай жаштыгым,
Бакыт тутуп сенде өткөн жашыл убакты.

Көөлгүп көлдөй, көөдөндөн толкуп ташты ырым,
Көңүлдө кайнап, бир сезим келип кубаттуу.

Ырлар — жыргал, ыр кылып сени махабат,
Сагынам самап, нур болуп издеп таба албай.
Ордуңа жетем, ойлорум дуулап тазарат,
Карегим асман, кадалам карап кана албай.

Жаркырап күндөй, нуруна жууган дүйнөнү,
Жадырап-жайнап, жаштыгым—эңсөө, жаз айым
Билемин, таштап кеткениң жокго бир мени,
Демиңе чалкып, суктанып шаттуу жашайын.

Ден соолукту, күч-кубат, жап-жаш өмүрдү
Даңктап тураар бир келип «жарк» деп атайын.
Өткүн болуп, өргө сүрөп бир төгүлчү,
Жаштыгым кеткен—жароокер, шок, жаш айым!

Жап-жашыл дүйнө жаздай, жайдай керемет,
Жандырган отмун, кетсең да алыс шаттуумун.
Барамын сага, миң кыш айын тебелеп,
Өмүрдүн ысык, кыпкызыл чогу жаштыгым.
Тээ алыстан карасам колум серелеп,
Теңинен көбү сенде экен өмүр бактымын.

## КЫШКЫ КАЙЫҢ

Карасам берип турат шыкты дайым,
Көрктөнтүп өзү турган куттуу жайын.

Кыздардай махабатка арууланган,
Кылгыра тиктегенсийт кышкы кайың.

Табият астына аппак шайы жапкан,
Үстүндө тукабадай көпкөк асман.
Багынтып көргөндөрдү келбетине,
Телмирген сулуу өңдөнөт ойго баткан.

Жер үстү кар чүмкөнгөн ак деңиздей,
Сөөлөт бар бул кайыңда Кантеңирдей.
Чачтарын жазып коюп сууда турган,
Суктантат кереметтүү жаш перидей.

Көңүл салбайт оболоп куштар учса,
Санаасында жаз барбы чыкпас тышка.
Кайда жүрсөм элеси карегимде,
Сүйүүнүн жазын берип ызгаар кышта.

## ТОСУП АЛДЫМ

Өмүрүмдөн шүүдүрүмдөй мөлт деген,
Өттү жаштык күндөр деген көч менен.
Чуркап өткөн тулпарлардын изиндей,
Изи калды көңүлүмдө өчпөгөн.

Шаттык чачып, сезимдерди ойготуп,
Өткөндөрдү элестетип ойлотуп.
Кыя карап жашыл канат жаз келди,
Кызыгына кыялдарды ойнотуп.

Максат улуу, ойлор келет салмактуу,
Жаңы чекке барчу мезгил кармап туу.
Тосуп алдым жаштыгымды кумардуу,
Жазгы күндүн нуру менен алгачкы.

## САЙМАЧЫГА

Мезгилдей жип, кыялың, ийнең дагы,
Өтө кооз дегеле жан дүйнөң дагы.
Көрүнөт не бир укмуш кереметтей,
Илинген саймаларың үйдө жаңы.

Талантыңа дегеле теңдеш жоктой,
Талбагын, миң түрлөргө киринсин ой.
Каалары: төрт мезгилди ошол бойдон,
Сайманңа түрүн бузбай түшүрүп кой!

## КУРТКА СУУСУ КУЯТ НАРЫНГА

(Тоголок Молдого)

Кыргызымдын кызмат өтөөр уулундай,
Кетпей турган бактысындай, ырындай —
Нарын! Нарын! Керемети жергемдин,
Өмүрлөрдүн жалын курак жылындай.

Бир булактан миң булакка топтолуп,
Кылымдардан кылымдарга октолуп

Туйлап агып, аска жөөлөп күркүрөйт,
Турушунча адамдарга от болуп.

Шарпылдаса шаңы окшоп жалынга,
Жоокерлердей бара жаткан чабуулга.
Карт тоолордон ракеттей атылып,
Куртка суусу куят ушул Нарынга.

Алга умтулуп, чоң дайрага шар берип,
Агым кошуп, жолун улап шаң берип —
Байымбеттин ыр саптары өңдөнөт,
Карап турсаң сезимиңе таң берип.

Кичине суу... Анда бүтпөс сулуулук,
Тоолор сүзүп, күн ойногон улуулук,
Нарын менен агып жатат токтобой,
Доорлордон — доорлорго угулуп.

## КЛАССТАШЫМА

Анда биз жаңы гана келген элек,
Ачылган гүлдөр өңдүү эл көрө элек.
Бөбөктөй келечекке үмүт элек,
Турмуштун бешигинде термеле элек.

Сезимге эргүү берген жаздар элек,
Бир өңчөй, бирге өскөн жаштар элек.
Бийикти эңсеп, башка ойлобогон
Биз анда турмуш элек баштала элек.

Мезгилдер термеп-термеп бешигине,
Киргин деп баштап бакыт эшигине,
Биз билбес жаңы дүйнө тартуулады
Париcте сенин, менин сезимиме.

Куш болуп жылдар — жылга сызат бачым,
Өмүрдүн өргө сүрөп турат атын.
Мектептен чыгат тура биздин жолдор,
Сен кайда, мен кайдамын, класссташым?!

## БУЛ ДҮЙНӨ — МУЗЫКА

Өмүрдү көрктөп шаңдаган,
Жашообуз — белек, тандап ал.
Бул дүйнө — миң түр музыка,
Сезип ал жана талдап ал.

Турмушуң — конок, кабыл ал,
Күтөсүң нени таңынан?
Баарысы сенин өзүңөн,
Мурдатан көргөн камыңан.

Жашоо, турмуш, бул дүйнө,
Куралган обон, миң күүгө,
Аны шаңдаш өзүңдөн —
Кайгырыш, чулгаш күлкүгө...

## ЖААНДАГЫ ШЫКТАНУУ

Жамгыр жаады шатырап, жамгыр жаады,
Жол топосун аткылап калбырлады.

Жалбырактар удургуйт бутагында,
Желедеги кулундай жамгырдагы.

А ойлорум жүрөктөн бүрдөп жатты,
Сезимимди сулуулап, түрдөп жатты.
Шыктандырып беттеген максаттарга,
Аттангын деп шаштырып үндөп жатты.

Бактан бүчүр жаңыдан жарылгандай,
Дүйнөдө жок бир ойлор табылгандай
Серүүндөнүп, жаандан жол алгым бар,
Жамгыр түшкөн булутта чагылгандай.

## КҮТКӨНДҮГҮМ ЭРТЕҢДЕРДИ

Жашоонун мага тартуу бергени көп,
Максатым шыктандырат кел берилеп.
Өкүнүп, күйүп-бышып ойго түшөм,
Күткөндөр күткөнүмдөй келбеди деп.

Сапардын ак жолуна түшө берем,
Ойлордун деңизинде сүзө берем.
Өмүрдө күрөш жолун тандап алгам,
Андыктан күндө бакыт күтө берем.

Дайраны, деңиздерди, кечем көлдү,
Артуулап ашып келем нечен белди.
Баасына өмүрүмдү байлап койгон,
Бакытым — күткөндүгүм эртеңдерди.

## КОМУЗ

Күн нуру—кылы, капкагы—асман, тээги—тоо,
Жер-эне деги шаңшыган комуз өзү го.
Океан, дайра, көлдөрү, суусу, шамалы,
Жааны, баары — күүлөрү, сырдуу сөзү го.

Билекке окшош карасаң жөпжөн бир жыгач,
Тыңшасаң күүсүн, ойлорду укмуш ыр кылат.
Майдандарга, күрөшкө, шатка чакырып,
Барабан кылып жүрөктү тынчсыз ургулап.

Ат чаптырып, белестен — белес ашырып,
Көз алдыңда кылымдын сырын сапырып,
Комуз-комуз — сезими бабам кыргыздын,
Тарыхын айткан үч кылга баарын батырып.

## ЖАШАП КЕЛЕМ

Жапыстан бийик болуп көрүнүүгө,
Жарыштан дулдул өңдүү бөлүнүүгө,
Ар убак адамдардын сезиминен
Ак таңдай ойлор болуп сөгүлүүгө,
Турмушка теңтайлаша жашап келем,
Миңдеген түйшүк артып өмүрүмө.

## ТООЛУКТАРГА

Учкул сөздүү, бүркүт көздүү тоолуктар,
Азоолорго азоо минип, боолук сал.

Ак жол каалап уул менен кызыңа,
Келиниңе ак мөңгүдөй жоолук сал.

Шары күчтүү тоо суусундай куралып,
Тоскоолдорго тоодой чыдап, чыңалып.
Мекениңдин туусу болуп желбире.
Кыйын күндөн кыйын болуп сыналып.

Аттын жалын бекем кармап теминип,
Кыялыңдай кызык күндө элирип,
Мекен туусун жеңиш менен желбирет,
Жылдыздардай турсун элиң көрүнүп.

Мезгилдерди минип алып жүгөндөп,
Алга зуула, издериңе гүл өнмөк.
Бийик максат сересинде жашагын,
Бүгүнкүдөн эртеңкиге үрөн сээп!

## СОҢ-КӨЛДӨ ӨМҮР ЖЫЛДЫЗЫ

Ак Мөөрдүн бүт көркүн койгонсуп,
Аруулап тазартат ойлор жууп.
Суктантат бир жаңы дүйнөдөй,
Сулуунун көзүндөй моймолжуп.

Ойносоң көркү өчпөс жарык бар,
Окусаң бүтө албас тарых бар.
Асманга секирет «салам!» деп,
Акактуу сөйкөдөй балыктар.

Жарашып көркү өмүр көлүмдүн,
Жадырап кушу учат көңүлдүн.
Сонундук дүйнөсү сөз жеткис,
Соң-Көлдө жылдызы өмүрдүн.

## МЕКТЕПТИ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ

Жүрөктү күтүү толгон алыска арнап,
Адамга кызмат кылаар сапар үчүн.
Чоң милдет — өз уяңдан алыстамак,
Актамак эне сүтүн, ата күчүн.

Өмүр — жаз, түшүм толгон күздөй күндөр,
Бийиктеп учкула эми мейкиндерге.
Элиңе жылдыз кылсын айсыз түндөр,
Жарыгың тийип турсун сенин жерге.

Жашоодо кездешпеген тоолор нечен,
Даяр турган парта эмес аска-зоолор.
Барчыңдар ашкыла аны намыс менен,
Канаттар талыбасын, алыс жолдор.

## КЫЗ ЧАБАН

Тууга окшоп шамалдарда гүл жоолук,
Турушунча тоолоруна ыр болуп.
Турат дайым эрдиктерге чакырып,
Туу кырларда бороон беттеп кыз тоолук.

Бийик тоодой бийигине мактанбай,
Жылда жеткен жеңишине даңктанбай,
Жөнөкөйдүн жөнөкөйү чабан кыз,
Малын тосуп жөө жүргөнү атчандай.

## ТАҢ МЕНЕН ОТУ КҮЙГӨН ОШОЛ ҮЙДӨ

Кыш. Суук тоңдурчудай чыкылдаган,
Көрүнбөйт мейкиндиктен күн алкагы.
Бурганак — ажаан иттей тороп жолдон
Ызылдайт, эртең менен күч алганбы?

Бирок да, жаздагыдай элес келет:
Морлордон трактордун түтүнүндөй
Түтүндөр айдоо маалын элестетет,
Эргитип сезимдердин күчү күндөй.

Дүйнөгө тиричилик шаңын чачкан,
Таң менен оту күйгөн ошол үйдө,
Мөмөсүн бул жашоого берип жаткан —
Ырыстуу, ынтымактуу бир үй-бүлө!

## БҮТПӨЙ ТУРГАН ӨМҮР

Эстелиги бир убакта болгондун,
Майып келет тынчын алып жолдордун.
«Дүңк», «дүңк» этет чолок буту:
ой келет:
— Оо, согушта фрицтерди сойгонсуң,

Ата-Журтка жан беруудөн качпадың,
Жоону тосуп, бутту чептей таштадың.
Тууган жердин буту-колу аман-соо,
А сен өзүң бутка жыгач аштадың.

Мекениңдин бир жыгачы бутуңда,
Бутуң болсо ал Мекениң — кутуң да.
Мекен менен түбөлүккө жалгашкан,
Бүтпөй турган өмүр жатат ушунда.

...«Дүңк», «Дүңк этет, киши эмес, тоо баскандай,
Шаттык берет майрамдагы жаштардай.
Карап турам, тээ өткөндү бир эстеп...
Сезимиме бомба түшүп жаткандай.

## КУБАНАМ, УУЛУМ, КУБАНАМ

Сен жүргөн күндөр каткырык,
Сен баскан жолдор жапжашыл.
Жайнаган гүлдөр ар түркүн
Жаркытат турмуш жай, жазын.

Кытыгың булак кандырбас,
Кыялың дүйнө укмуштуу.
Сезимден күн, ай батпаган,
Сен барсың турмуш бул куттуу.

Жаштыгы сенсиң кубаттуу,
Жашарткан күчтүү өлкөңдү,

Бүгүнкү улуу адамдын,
Үнүсүң бийик эртеңки.

Адамдын келечегинен,
Атасы экениме мен
Кубанам, уулум, кубанам,
Кубат бол Мекениңе сен!

## АЛ КЫРГЫЗДЫН АКЫНЫ

(Алыкулга)

Жапа чекпей оор тагдырлуу кападан,
Туу өмүрүн адамдарга атаган.
Көлдөй ырды Кыргызына токтотуп,
Эмгекчи элдин жүрөгүндө жашаган.

Чаап өтүп капчыгайлуу кууштан,
Боз ат менен кушка теңдеш учушкан.
Доорунун бүгүнкү үнүн жар салып,
Салтанаттап эртеңине угузган.

Көлдүн ак жал толкунундай серпилип,
Жүрөккө шат дайым жакшы ой келтирип.
Ал Кыргыздын ыр өмүрлүү акыны,
Жашап жатат учук дартын өлтүрүп!

## ЖАШЫЛ ӨРТ

Балкыткан бу мезгилдин өзү күнбү,
Бакыттай сезем жазга кезигүүмдү.

Жаратылыш жаштыгы жан жыргаткан,
Жашыл өрт каптап жерди, сезимимди.

## ЫР-ӨМҮР

(Композитор Ж. Шералиевдин 60 жылдыгына арналат)

Ыр-булак дайра болуп күргүштөгөн,
Бийиктен агымына күн жүктөгөн.
Турмуш менен жашоону даңазалап,
Кыргызын бүт тыңшаткан дүбүрт менен.

Сезимге жылдыз салып жаркыраган,
Ойлорго шаттык күүсүн тартуулаган.
Жүрөбүз сыймыктанып обондорго,
Жүрөктүн тамырында шаркыраган.

Өмүрдү ырга бөлөп, шаңга бөлөп,
Өмүрлөргө ыр-күүдөн сунуп белек,
Шарына кыргыз көркүн бүт сыйдырып,
Обондуу өмүр ташкындан агып келет.

Адамга арнап шыгын, бүткүл демин,
Суусунун бир кандырып толук элдин,
Обонго сугарууда Жумамүдүн,
Алтымыш кайрык болуп кыргыз жерин.

## КАР ЖААДЫ

Кар жаады. Аба муздак, сезим жылуу,
Ойдуң-түз, тоолор аппак боёгондой.
Кашкайып, ак гүл окшоп жерим сулуу,
Тон жамынган, бутактар тоногондой.

Кар жаады. Дүйнөнү бүт кебез чулгап,
Өзүндөй ак болууга адамды үндөп.
Ак туунун белгисиндей мезгилге урмат,
Өтүшкөн булуттарга түрмөк-түрмөк.

## ӨМҮРДҮ КҮНДӨЙ ЫР СҮРӨЙТ

Шаттыкты — күлкү, кайгыны —ый,
Сүйүүнү — жаштык, кубаныч,
Өмүрдү — өчпөс жаркын ыр
Түбөлүк коштойт уланып.

Сапарда булар сүрөөнчү,
Арытып сансыз мезгилди.
Адам, бул — тулпар сүрөлчү,
Чуркоосун айга сездирчү.

Келатса өмүр жарышта,
Турмушту бөлөп шаңына.
Бактылар нурдай жарыкта,
Умтулуп адам наамына.

Суктантып келчү таңына,
Дайрадай күндөр күркүрөйт.
Умтултуп дайым жаңыга,
Өмүрдү күндөй ыр сүрөйт.

## ТУРМУШТУН ЖАЗЫСЫҢ СЕН, АЯЛЗАТЫ

Чалкытып бул дүйнөнү мээримиңе,
Окшойсуң, аялзаты, сен күнүмө.
Кубантып жүрөгүмдүн толкунусуң,
Кут төгүп түбөлүккө өмүрүмө.

Жайлоого гүл жарашык берген өңдүү,
Жашообуз даңктап турат энелерди.
Өмүрдүн океаны соолбогон,
Дүйнөдө сен бар үчүн жерим элдүү.

Бакытка чакырыксың«кел берилеп»,
Жашоонун сен турганда күндөрү көрк.
Туу болуп бийиктерге шыктандырган,
Турмуштун жазысың сен көктөмү көп!

## 1-МАЙ

Бүгүн укмуш дүйнө шаңы,
Жаңыланган баары, баары.
Бийлеп, ырдайт эрке желге,
Жашыл көйнөк бактар дагы.

«Тилектештик, эркиндик» — деп,
«Тынчтык сенин көркүң — күн!» —деп,
Эл аралык тилек айтат,
Бул майрамда өмүр гүлдөп.

Адам аттуу кадырлаган,
Жаз майрамы жадыраган.
Гүлдөрүң — көрк, көзгө сүйкүм,
Жаш төлдөрдөй жамыраган.

Майы — эмгек, жеңиштердин,
Чеги — өскөн өрүштөрдүн.
Куш келипсиң, сулуу Майым —
Асмандаган көгүчкөнүм!

## НУР ЗАКОН — КОНСТИТУЦИЯМ

Өмүрдү термеп бактынын аппак толкуну,
Өрнөктүү жашоо, биздеги закон жолу улуу.
Элимди шаттап, аруулап турат ар убак,
Эмгектик чекке эргүүлөр менен жолугуу.

Конституциям — дем алган аба, ичкен суум,
Кошулуп элге, колума бекем алган туум.
Нурданып дүйнө баладай балкып шаңданат,
Жайылган текши нурунда биздин Закондун.

Жарыгы— өмүр, жаштыгы жашыл ааламдын,
Сөз жеткис коздук, мааниси гүлдүү замандын.

Өлкөбүздүн арттырган улам кубатын,
Конституциям — жүрөгү ар бир адамдын!

## НАРИСТЕМЕ

Көрүнсөң көңүл шат кылып,
Кубанчым улам арттырып.
Таалайым сезип турамын,
Талпынган сайын каткырып.

Сен үчүн келет иштегим,
Турмуштан көптү издегим.
Ак жалын болуп жылытат,
Жарылган жаңы тиштериң.

Гүлсүң бир солбос жергемде,
Жүрөксүң соккон сен менде.
Тепеңдеп чуркап келатсаң,
Теңдешсиз сага эч нерсе.

Карасаң сырдуу култуңдап,
Жоругуң ойду ыр кылмак.
Баары унут, жалгыз сен гана,
Быйтыңдап койсоң, быйтыңдап.
Быйтыңдап койсоң, быйтыңдап!

## ЖЕР ТӨШӨК

Курап жатты келинчегим жер төшөк,
Нечен-нечен чүпүрөктөн түр салып.

Кол машина коңузга окшоп жөрмөлөп,
Из калтырып, «чыкы-чыкы» үн салып.

Акындар да миң кыялдан чогултуп,
Бир ой кылып, жер төшөктөй бүтүрүп.
Ырды сүйгөн адамдарга арнашат,
Ага өмүрдүн көп мээнетин түшүрүп.

## БУЛУТ — ЭЛЕК АСТЫНДА

Ундай кар себеленип, себеленип,
Жүзүмдөн өөп, бутумда тебеленип,
Түшүүдө — булут— элек астынан көп,
Бүткөндөй камдагандын көбү эленип.

Ой келет: Мезгилде да биздин турмуш
өңдүү бир окшоштуктар, ойлоп кылгыс.
Кар — уну, жер — чарасы жууруп камыр,
Жаз менен нан жасайбы таттуу, укмуш?..

Түркүн дүйүм чөп — тамак-ашпы башка,
Чыгарган жаз келгенде жерге, ташка.
Чарада унду кечкен кумурскадай
Бараттым, миң түрлөнгөн кыял башта.

## УЛУУЛАР

Ойлоруңар кылымдардан себелеп,
Сезимдерге ысык нурдай төгүлөт.

Күрөштөрдөн жер таянбай чөгөлөп,
Туу кармаган элесиңер көрүнөт.

Жылдыздардай бийиктерге жол салып,
Жаркыратып өмүрүңдүн майданын,
Келесиңер жеңиш менен колго алып,
Желбиретип жашоо, күрөш байрагын.

## ЖҮРӨГҮМ ДАЯР ТУРАТ

Тар жерде жардам берип аксаганга,
Жолукса тилек болуп ар кадамда.
Кызматын өтөө үчүн түбөлүккө,
Жүрөгүм даяр турат жакшы адамга!

Анткени өмүрүн ал элге деген,
Адамды эч нерсеге теңебеген.
Турмушта бийик туткан идеалы,
Жүрөктө — адамдыгы ченебеген.

## БАКТАГЫ ОЙ

Июнь. Ысык. Мөмө байлап сөйкөңдөй, —
Жемиш багы жаш төрөгөн сага окшоп.
Шамал ойнойт, коркуп качкан жейрендей,
А мөмөлөр бийлейт тентек бала окшоп.

Биздин турмуш— жай айындай ыпысык,
Өсүүдөбүз жемиш берчү дарактай.

Бышат мөмө, өсөт уул-кызыбыз,
Тынч көлдөгү эркин сүзгөн чабактай.

Дагы алдыда гүл өмүрдүн күзү бар,
Шаттыгыбыз — күн нурунда, эмгекте.
Жашообуздун тоосу, ою-түзү бар,
Максат — андан тоскоол билбей келмекте.

* * *

Тоолордо текелер көп, алты карыш
Кылычтай мүйүздөрү аба жарып.
Менсинет бийиктерден боюн керип,
Таш баскан туяктарын айга жанып.

Эки сап ырга окшоп мүйүздөрү,
Араң турат жылдызга тийишкени.
Толкутуп жүрөгүмө бүлүк салат,
Тоолордун толкуну өңдүү кийиктери.

## КҮКҮК БОЛУП

Тоодон түшкөн дайралардай ташкындап,
Элестериң келет нурдай жаркылдап.
Чын махабат өкүнүчтө калуубу,
Жетпей калдым, кеттиң кайда алтын чак?..

Жалын канат жаштык барат сабалап,
Жай гүлүндөй күндөрүмдү табалап.

Көрсөм деймин түбөлүккө картайбай,
Көркөм жашыл дүйнөңдү мен аралап.

Өмүрүмдү кошуп койгом атыңа,
Ууз сүйүү берген күндөр татына.
Күкүк болуп үн бергенсийт жүрөгүм,
Чын сүйүүнүн кайталанбас жазына.

## САГЫНЫЧЫМ

Бугумду ичтеги билгизбей,
Бул турмуш — дайра, агат күргүштөй.
Уччудай талпынам сени эстеп,
Уясы алыста бүркүттөй.

Жылдыздай күйгөндө ойлорум,
Элесте тызылдайт ойноогум.
Кармачы, кармачы, апасы,
Жыгылат, жыгылтып койбогун!

Нурлардын деңизин чалкытып,
Сагынчым кубаныч, шат жутуп.
Тентегим экөөңдү аруулайт,
Секундда жарыктай баргызып.

## КУТТУК ЭЛЕ...

Бир өмүрдө кантип эки жашайын,
Бийикте нур сенсиң мага атайын.

Жан дүйнөмдүн жаш курагы өзүңсүң,
Жаман көрбө, көшөгөңдү ачайын.

Кандай бакты ушул күнү өтүнгөн,
Капалыктан шамын өчүр көзүңдөн.
Мелмилдеген ысык сүйүү деңизим,
Мен өзүмдү издеп келгем өзүңдөн,

Кубанычым, ыйлап кирдиң бүлкүлдөп,
Кубарбачы, кайда кеткен күлкүң көп.
Кел бакытым, гүл турмушту тосолу,
Келйп калды,
Күттүк эле, азап менен күн-түндөп.

## ӨМҮРДҮН МАЙДАНЫНЫН ОТУ БОЛУП

Үмүттүн жылдыздары уялаган,
ойлордун асманында өзүң — Күнүм.
Махабат тоосундагы кыялаган
тар жолдо бара жатам созуп үнүм.

Мээримдүү нурларыңа колум тосуп,
мезгилдин күлүк күнүн камчылаймын.
Өмүрдүн майданынын оту болуп,
өзүңө түбөлүккө жаркыраймын.

## ТУРМУШТУН ДЕҢГЭЭЛИНЕН ТҮШҮП БАРАТ

Бир адам таттуу өмүрүн ачуу кылып,
Аракты жүрбөй калган аты кылып

Келатат... бирден кармап көчө багын,
Үйүнө эптеп жетээр шаты кылып.

Ал киши бул турмуштун деңгээлинен,
Эмгектин, чоң бактынын мерчеминен
Төмөндөп, тал-теректи шаты жасап,
Түшүп барат, үмүт үзүп эртеңинен.

Кайталап күндө-күндө бул өнөрүн,
Эстебей бир төрөлүп, бир өлөөрүн.
Бир жанына эки өлүм артып алып,
Түшүп барат... мойнуна албай күнөөлөрүн.

## МҮҢКҮРӨГӨН АДАМГА

Адам болбойт бул турмушка керексиз,
Жашоо көркү — биз да өзүнчө терекпиз.
Жан курбум сен, корунбачы, жашоонун
Поездине түшкөн окшоп белетсиз.

Кыйын болуп төрөлмөй жок энеден,
Адамдарсыз кулпуна албайт жер энең.
Максат үчүн күрөштөргө аттантып,
Тынчтык бербей козгоп турсун делебең.

Башат тура адам деген эң улуу,
Так ошондон агып чыккан эл нугу.
Баарысына арзыйт, жеңет, түшүнгүн,
Жалгыз гана адамдыкты бел кылуу.

* * *

Ак эмгек — жылдыздардай бийиктигим,
Бүтпөй иш калган күнү күйүттүүмүн.
Мекеним, элим милдет таккан кезде,
Өзүмө-өзүм бийик, сүйүктүүмүн.

# МАЗМУНУ

Келгиле, тууган жериме . . . 3
Турмуш акыны . . . . . 4
Курбулар . . . . . . 4
Үй жасаптыр . . . . . 5
Жаз айлары . . . . . 6
Биздин өмүр жаздан башталат . 6
Жүрөк . . . . . . . 7
Өскөн жер, сага арналып . . 7
Ыйык туткан сезимим . . . 8
Жаштыгыма . . . . . 8
Кышкы кайың . . . . . 9
Тосуп алдым . . . . . 10
Саймачыга . . . . . . 11
Куртка суусу куят Нарынга . 11
Классташыма . . . . . 12
Бул дүйнө — музыка . . . 13
Жаандагы шыктануу . . . 13
Күткөндүгүм эртеңдерди . . 14
Комуз . . . . . . . 15
Жашап келем . . . . . 15
Тоолуктарга . . . . . 15

Соң-Көлдө өмүр жылдызым . . . . . 16
Мектепти бүтүрүүчүлөргө . . . . . 17
Кыз чабан . . . . . . . . . 17
Таң менен оту күйгөн ошол үйдө . . 18
Бүтпөй турган өмүр . . . . . . . 18
Кубанам, уулум, кубанам . . . . . 19
Ал кыргыздын акыны . . . . . . 20
Жашыл өрт . . . . . . . . . 20
Ыр-өмүр . . . . . . . . . 21
Кар жаады . . . . . . . . . 22
Өмүрдү күндөй ыр сүрөйт . . . . . 22
Турмуштун жазысың сен, аялзаты . . 23
1-Май . . . . . . . . . . 23
Нур Закон — Конституциям . . . . 24
Наристеме . . . . . . . . . 25
Жер төшөк . . . . . . . . . 25
Булут — элек астында . . . . . . 26
Улуулар . . . . . . . . . . 26
Жүрөгүм даяр турат . . . . . . 27
Бактагы ой . . . . . . . . . 27
«Тоолордо текелер көп алты карыш...» . 28
Күкүк болуп . . . . . . . . 28
Сагынычым . . . . . . . . . 29
Күттүк эле... . . . . . . . . 29
Өмүрдүн майданынын оту болуп . . . 30
Турмуштун деңгээлинен түшүп барат . 30
Мүңкүрөгөн адамга . . . . . . 31
«Ак эмгек—жылдыздардай бийиктигим...» 32

Өмүрбек *Дөлөев*

**КАПЛЯ ЧУВСТВА**

**Стихи**

**Для молодежи**

**(на киргизском языке)**

ИЗДАТЕЛЬСТВО «МЕКТЕП»

Редактору *Б. Асаналиев*
Сүрөт редактору *К. Сейталиев*
Тех. редактору *Т. Борисенко*
Корректору *Б. Секимова*

**ИБ № 1451**

Терүүгө 03. 02. 1979-ж. берилди. Басуга 16. 04. 1979-ж. кол коюлду. Д—03644. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×90$^{1}/_{32}$. «Мектеп» арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,125 физ. басма табак. 1,125 шарттуу басма табак. 1,03 учёттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 56. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы
720361. ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461. ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.